# 2012-жылдын январь-сентябрь айлары үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет

Улуттук банк Башкармасынын
2012-жылдын 29-ноябрындагы
№46/1 toктому менен кабыл алынган

## Акча-кредит саясатындагы негизги тенденциялар

Алдын ала маалыматтар боюнча, 2012-жылдын январь-сентябрында, 2011-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу, экономиканын басаңдоосу 4,6 пайызды түзгөн (2011-жылдын январь-сентябрь айларында ИДӨнүн көлөмү 8,3 пайызга көтөрүлгөн). ИДӨнүн азайышына негизги салымды «Кумтөр» тоо-кен ишканаларында өндүрүштүн кыскарышы кошкон. «Кумтөрдү» эске албаганда, ИДӨнүн көлөмү 3,8 пайызга көбөйдү (2011-жылдын январь-сентябрь айларында тиешелүү көрсөткүчүнүн өсүш арымы 6,0 пайызды түзгөн). ИДӨ дефлятору 2011-жылдын январь-сентябрь айларындагы 19,3 пайызга караганда 10,4 пайыз деңгээлинде калыптанган.

Финансы министрлигинин Борбордук Казыналыгынын алдын ала маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2012-жылдын январь-сентябрь айларында 11,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 5,7 пайызды түзгөн (2011-жылдын январь-сентябрь айларында бюджет ИДӨгө карата 2,5 пайыз өлчөмүндө тартыштык менен аткарылган).

Азык-түлүккө дүйнөлүк баалардын жогорку деңгээлде сакталышы, күтүлгөн мамлекеттик бюджеттин жогорку өлчөмдөгү тартыштыгы бюджеттин текши эмес сарпталуусу менен кошо баа стабилдүүлүгүнө тобокелдерди жаратат. Ушуга байланыштуу, монетардык таасирди четтетүү максатында Улуттук банк отчеттук мезгил ичинде үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу операцияларын жүргүзүүнү уланткан. Ошентип, жүгүртүүдөгү Улуттук банктын ноталарынын көлөмү 2011-жылдын аягындагы 1,4 млрд. сомдон 2012-жылдын сентябрь айынын аягында 1,8 млрд. сомго чейин, ал эми репо шарттарында сатылган МБК көлөмү 2011-жылдын аягындагы 206,8 млн. сомдон 2012-жылдын сентябрь айынын аягында 500,0 млн сомго чейин көбөйгөн.

Отчеттук мезгилде эсептик чен 13,61 пайыздан 4,25 пайызга чейин төмөндөгөн.

2012-жылдын январь-сентябрь айларында акча базасы 2012-жылдын сентябрь айынын аягына карата 60,2 млрд. сомду түзүү менен 9,8 пайызга көбөйгөн (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде көбөйүү 5,4 пайызды түзгөн); кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасы отчеттук мезгил ичинде 18,9 пайызга көбөйүп, сентябрь айынын акырына карата 94,6 млрд. сомду түзгөн (2011-жылдын ушундай эле мезгилинде 10,5 пайызга көбөйгөн).

2012-жыл ичинде инфляциялык процесстер ички жана тышкы факторлордун таасири менен шартталган. Негизги азык-түлүк товарларына дүйнөлүк баанын төмөндөөсү сыяктуу тышкы факторлору, 2011-жылда байкалган мол түшүмдүүлүк жана катуулатылган акча-кредит саясаты сыяктуу ички факторлору менен бирге биринчи жарым жылдыкта баанын төмөн өсүш арымынын (0,9 пайыз) сакталышына алып келген. Бирок, 2012-жылдын июнунда дүйнөнүн ири дан өндүрүүчү региондорунда болгон кургакчылык жөнүндө маалыматтардын пайда болушу жана республикадагы болжолдонгон начар түшүмгө байланыштуу данга баалар көтөрүлгөн. Алар экинчи жарым жылдыкта өлкөдөгү инфляциялык процесстерди күчөткөн. Өтүп жаткан жылдын июль айынан тартып октябрь айына чейинки сезондук дефляциянын учурунда баалар 4,1 пайызга көтөрүлгөн, ал эми 2011-жылы салыштырмалуу мезгилинде 3,1 пайыздык төмөндөшү байкалган.

Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча инфляциянын деңгээлин мүнөздөгөн керектөө бааларынын индексинин өсүшү 2012-жылдын башталышынан бери 3,1 пайызды (2012-жылдын сентябрь айы 2011-жылдын декабрь айына карата), ал эми 2011-жылдын тиешелүү мезгилинде – 4,4 пайызды түзгөн. Инфляция жылдык мааниде (2012-жылдын сентябрь айы 2011-жылдын сентябрь айына карата) 4,4 пайыз чегинде катталган, ал эми 2011-жылдын ушундай эле көрсөткүчү 13,0 пайызга өскөн.

Өтүп жаткан жылдын январь-сентябрь айларында Улуттук банк алмашуу курсунун кескин өзгөрүп кетишине жол бербөө максатында айрыкча январь-февраль айларында жана

июнь айында валюталык интервенцияларды ишке ашырган. Өткөн жылдарга салыштарганда отчеттук мезгилде валюта рыногунда суроо-талап менен сунуш Улуттук банктын кийлигишүүсүз эле, дээрлик өз алдынча балансталууда. Алсак, отчеттук мезгил ичинде валюта интервенцияларынын дүң көлөмү 2011-жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилиндеги 169,6 млн. АКШ долларына каршы 43,1 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми чет өлкө валютасын таза сатуу отчеттук мезгил ичинде 38,3 млн. АКШ доллар (2011-жылдын январь-сентябрында – 65,9 млн. АКШ долларын) чегинде катталган. АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсу жыл башынан бери 1,43 пайызга жогорулаган (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде алмашуу курсунун 4,46 пайызга төмөндөөсү байкалган).

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча сомдун номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси 2012-жылдын башталышынан тартып 2,9 пайызга төмөндөгөн жана сентябрь айынын акырына карата 112,8 түзгөн. Негизги соода өнөктөш өлкөлөрдөгү төмөн деңгээлдеги инфляцияга[1] карабастан, номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун баасынын түшүүсү реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун азайышына алып келген, ал 2011-жылдын декабрынан тартып 2,2 пайызга азайган жана 2012-жылдын сентябрь айынын аягына карата 110,1 түзгөн.

2012-жылдын тогуз айынын алдын ала жыйынтыгы боюнча күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосу ИДӨгө карата 22,8 пайызды түздү, ал негизинен алтындын экспорту азайганына байланыштуу соода балансынын тартыштыгы 90,4 пайызга кеңейтилгенинен келип чыккан. Акча которуулардын көлөмү 1,3 млрд. АКШ долларын түздү, ал 2011-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө караганда 17,6 пайызга жогору. Дүң эл аралык камдардын көлөмү товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги 3,7 айлык импортун жабат.

### Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн динамикасы

Инфляциялык басымды четтетүү максатында Улуттук банк 2012-жылдын январь-сентябрь айларында ачык рыногундагы операцияларды колдонуу менен үстөк ликвиддүлүктөн арылтуу боюнча операцияларды активдүү жүргүзгөн. 2012-жылдын сентябрынын аягына карата акча базасы, жыл башынан тартып 9,8 пайызга же 5,4 млрд. сомго көбөйүү менен, 60,2 млрд. сомду түздү (2011-жылдын январь-сентябрь айларында акча базасынын көбөйүшү 5,4 пайызды түзгөн). Өкмөттүн операциялары акча базасын 6,8 млрд. сомго көбөйттү, ал эми Улуттук банктын операциялары аны 1,5 млрд. сомго азайтты.

Акча топтомдорунун номиналдык өсүш арымдары 2012-жылдын сентябрь айынын акырына карата жылдык мааниде 14,3 пайыздан 23,7 пайызга чейинки, ал эми 2011-жылдын сентябрь айынын акырына карата 15,2 пайыздан 21,6 пайызга чейинки диапазондо турган. Акча топтомдорунун ичинде депозиттик базанын[2] өсүшүнүн эсебинен, М2Х кеңири акча массасы кыйла тез арымда көбөйгөн.

М0 акча топтому (банктардан тышкары акчалар) отчеттук мезгил ичинде 7,1 пайызга көбөйгөн жана 2012-жылдын сентябрь айынын акырына карата 50,6 млрд. сомду түзгөн (2011-жылдын салыштырмалуу мезгил ичинде М0 көбөйүүсү 6,7 пайызды түзгөн).

Банктардан тышкары акчаларды жана улуттук валютадагы депозиттерди камтыган М2 акча массасы 2012-жылдын январь-сентябрь айларында 14,5 пайызга көбөйүп, 2012-жылдын сентябрь айынын акырына карата 71,1 млрд. сомду түзгөн (2011-жылдын январь-сентябрь айларында М2 көбөйүүсү 9,2 пайызды түзгөн).

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган, М2Х кеңири акча массасы 2012-жылдын сентябрь айынын акырына карата 94,6 млрд. сомду түзүп, жыл башынан бери 18,9 пайызга көбөйгөн (2011-жылдын январь-сентябрь айларында – 10,5 пайызга). М2Х өсүшүнө негизги салымды жыл башынан 36,2 пайызга көтөрүлгөн депозиттердин көлөмүнүн өсүшү кошкон (2011-жылдын январь-сентябрь айларында депозиттердин көлөмү 16,2 пайызга

---

[1] КР инфляция 2012-жылдын январь-сентябрь айлары үчүн 3,1 пайызды түзгөн, ал эми негизги өнөктөш өлкөлөрүндөгү инфляциянын орточо деңгээли, алдын-ала эсептөөлөр менен, 1,9 пайызды түздү.

[2] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда.

көбөйгөн). Ушуну менен бирге, улуттук валютадагы депозиттердин өсүшү 37,7 пайызды түзгөн (2011-жылдын январь-сентябрь айларында – 17,7 пайыз), чет өлкө валютасындагы депозиттердин көбөйүүсү 35,0 пайызды түзгөн (2011-жылдын салыштырмалуу мезгилинде – 15,0 пайызга). Жалпысынан, депозиттик базанын көбөйүүсү банк тутумуна карата ишенимдин сакталып калгандыгын жана банк тутумунда кредиттик жигердүүлүктү жогорулатуу үчүн негиздин түзүлгөндүгүн тастыктап турат.

Кеңири мааниде колдонуучу М2Х акча массасынын валюталык түзүмүндө чет өлкө валютасындагы депозиттердин салыштырма салмагы 2012-жылдын сентябрь айынын акырына карата 24,8 пайызды түздү, ал эми улуттук валютада – 21,7 пайызды. Депозиттердин долларлашуу деңгээли бир аз кыскарса дагы, ал дале 53,4 пайыз өлчөмүндө, жогору бойдон калууда.

2012-жылдын январь-сентябрь айларында кредиттин экономикага өсүш арымы 16,5 пайызды түздү (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде көбөйүү 16,1 пайызды түздү), анын ичинде чет өлкө валютасындагы кредиттөө 17,9 пайызга көбөйгөн, ал эми улуттук валютада 14,9 пайызга көбөйгөн (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде, тиешелүүлүгүнө жараша 11,3 пайызга жана 21,5 пайызга).

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын жүгүртүү тездиги 2012-жылдын январь-сентябрь айларында жыл башындагы 3,8төн сентябрь айынын аягына карата 3,4кө чейин акча массасынын өсүш арымынын номиналдык ИДӨдөн артышынан улам төмөндөгөн. М2Х акча топтому боюнча экономиканы монеттештирүү коэффициенти жыл башынан бери 2,9 пайыздык пунктка көбөйүү менен 2012-жылдын сентябрь айынын акырына карата 29,5 пайызды түзгөн.

Финансы ортомчулугунун деңгээлин мүнөздөгөн М2Х кеңири маанидеги акчалардын мультипликатору 2011-жылдын 1,451ден 2012-жылдын отчеттук мезгилинин акырына карата 1,572ге чейин көбөйгөн, мындай жагдай акча базасынын өсүш арымына салыштырганда кеңири маанидеги акча массасынын өсүш арымынын артышынын натыйжасында түптөлгөн.

**Инфляция: жыйынтыктар жана тенденциялар**

Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык, инфляциянын 12 айлык мааниси (2012-жылдын сентябрь айы 2011-жылдын сентябрь айына карата) 4,4 пайызды түзгөн (2011-жылдын сентябрында – 13,0 пайызга). 2012-жылдын башынан тартып баалардын жалпы деңгээлинин өсүш арымы 3,1 пайызды түзгөн, жылдык орточо мааниси 1,3 пайыз деңгээлинде калыптанган.

2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында негизги азык-түлүк товарларына дүйнөлүк баалардын арзандашына байланыштуу Кыргыз Республикасында баалардын жалпы деңгээлинин азайышы байкалган. Эки жолу ушул мезгилдин ичинде жылдык маанидеги дефляция байкалды, биринчи жолу 10 жыл ичинде. 2012-жылдын июнь айында аба ырайынын шарттарынын начарлашы жана ага жараша, кээ бир айыл чарба өсүмдүктөрү үчүн өндүрүү ориентирлеринин азайышы жөнүндө маалыматтар пайда боло баштады, анын алкагында буудай жана жүгөрү рыногу баалардын өсүшүн көрсөттү. Буудайга болгон дүйнөлүк баалардын өзгөрүүсү дан азыктарына болгон ички бааларга дагы таасир көрсөттү. Жагдайды ички себептер дагы өөрчүттү, алар начар түшүм менен шартталган. Инфляциянын өсүшүнүн кошумча фактору болуп калктын кирешелеринин өсүшү дагы болду (мигранттардын акча которууларынын таза келүүсү 19,9 пайызга өстү, реалдуу эмгек акы 20,5 пайызга көбөйдү).

Акыркы айларда байкалган баалардын өсүшүнө карабастан, жалпысынан азык-түлүк товарлары группасы (керектөө корзинасынын структурасында 46 пайыз) 2012-жылдын сентябрь айынын акырына карата жыл башынан тартып 1,1 пайызга, жылдык мааниде – 1,4 пайызга азайды. Азык-түлүктөн башка товарларга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө, алкоголдук ичимдиктерге жана тамеки заттарына болгон баа жылдык мааниде мурунку туруктуу өсүш арымдарында кармалып турган (+8-10 пайыз).

**1-таблица. Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын индекси**

| | 2012 ж. сентябрь айы | | | 2012 ж. янв.-сент. айлары |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 ж. август айына карата | 2011 ж. сентябрь айына карата | 2011 ж. декабрь айына карата | 2011 ж. янв.-сент. айларына карата |
| **Баардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **101,1** | **104,4** | **103,1** | **101,3** |
| Азык-түлүк товарлары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,9 | 98,6 | 98,9 | 93,5 |
| Алкоголдук ичимдиктери жана тамеки заттары | 100,3 | 108,6 | 104,9 | 109,7 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 101,1 | 109,9 | 106,2 | 109,9 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 102,2 | 109,7 | 108,2 | 110,4 |

2012-жылдын сентябрь айында нан азыктарына жана тарууларга болгон баалар жылдык мааниде 3,0 пайызга төмөндөгөн, анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну жылдык мааниде 1,5 пайызга арзандаган. Ушуну менен бирге, 2012-жылдын үчүнчү кварталында нан азыктары жана таруулар 10,6 пайызга, анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну 21,3 пайызга кымбаттаган.

Жашылча-жемиш азыктары жылдык мааниде 4,4 пайызга, анын ичинде жемиштер 24,3 пайызга көтөрүлгөн, ал эми жашылчалар 4,5 пайызга арзандаган.

Кантка карата баалардын динамикасы Кыргызстанда мурунку маанисине кайтарылууда, канттын баасы жылдык мааниде 20,5 пайызга арзандаган, ал эми 2011-жылдын сентябрь айында кантка карата баалар жылдык мааниде 21,3 пайызга көтөрүлгөн.

«Май жана тоң майлар» товарлар тобунун баалары 2012-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча 2,1 пайызга арзандаган, 2011-жылдын ушул эле мезгилинде 19,2 пайызга көтөрүлгөн. «Май жана тоң майлар» товарлар тобунун бааларынын күндөлүк динамикасы көбүнчө 2011-жылдагы май чыга турган өсүмдүктөрдүн сакталган мол түшүмдүүлүк эффектиси менен шартталган.

Жылдык мааниде сүт азыктар 5,2 пайызга, анын ичинде үчүнчү кварталда 3,3 пайызга кымбаттаган. Эт азыктарына баалар 2012-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде 1,4 пайызга арзандаган.

Ички азык-түлүк коопсуздугуна бир кыйла тобокелдиктери жаратуу менен азык-түлүк товарлары боюнча импортко көз карандуулук кыйла жогорулады. Алсак, 2012-жылдын 2-кварталында[3] КР азык-түлүк балансында өлкөдөгү абдан начар түшүмдүн жана импорттун көтөрүлүшүнүн натыйжасында нан азыктары боюнча импортко көз карандуулук 2011-жылдын тиешелүү мезгилиндеги 42,4 пайызга каршы 73,2 пайызды, өсүмдүктөр майы боюнча – 63,9 пайызды (+14,3 п.п.), кант жана кондитердик азыктар боюнча 84,4 пайызды түздү (+8,4 п.п.).

**2-таблица. Кыргыз Республикасынын базалык тамак-аш азыктары боюнча азык-түлүк балансы**
*(миң тонна)*

| | Нан азыктары* | | Өсүмдүк майлары | | Кант жана и кондитердик азыктар** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | II'2011 | II'2012 | II'2011 | II'2012 | II'2011 | II'2012 |
| **Түшүүлөр** | **1 680,1** | **1 671,2** | **59,7** | **53,6** | **56,3** | **54,9** |
| Жыл башына запас | 1 453,8 | 1 295,6 | 36,0 | 26,4 | 15,9 | 10,4 |
| Өлкөдө өндүрүлгөн | 14,6 | 4,6 | 8,1 | 6,8 | 0,0 | 0,0 |
| Импорттоолгон | 211,7 | 371,0 | 15,6 | 20,4 | 40,4 | 44,5 |
| **Керектөө** | **1 102,2** | **1 096,1** | **31,4** | **31,9** | **53,5** | **53,0** |
| Үрөнгө чыгашалар | 76,1 | 87,7 | - | - | - | - |
| Малга тоют | 454,3 | 470,0 | - | - | - | - |
| Жоготуулар | 29,1 | 6,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Экспорттолгон | 43,3 | 25,3 | 0,0 | 0,0 | 0,4 | 0,3 |
| Калктын керектөөлөрү | 499,4 | 506,7 | 31,4 | 31,9 | 53,1 | 52,7 |
| **Бир мезгилдин акырына запас** | **577,9** | **575,1** | **28,3** | **21,7** | **2,8** | **1,9** |
| **Керектөө көлөмүндөгү импорттун улушу, пайыздарда** | **42,4** | **73,2** | **49,7** | **63,9** | **76,1** | **84,4** |

* данга карата кайра эсептөөлөр

** кантка карата кайра эсептөөлөр

[3] Эрте мезгилге болгон шилтеме 2012-жылдын үчүнчү кварталы үчүн маалыматтардын жоктугуна байланыштуу

Азык-түлүктөн башка товарларга баанын өсүш арымы жылдык мааниде 9,9 пайызды түздү, ал 2011-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө караганда 0,7 п.п. аз. Азык-түлүктөн башка товарларга баанын өсүшүнө көбүрөөк салымды «кийим жана бут кийим» (+13,1 пайызга), «электр энергиясы, газ, жана отундун башка түрлөрү» (+6,4 пайызга), «үй тиричилигине керектүү буюмдар жана тиричилик техникалары» (+10,4 пайызга) товарлар тобунун кымбатташы киргизди.

Күйүүчү-майлоочу материалдардын (КММ) наркы жылдык мааниде 0,4 пайызга өскөн, мунун ичинен бензинге баа 0,2 пайызга арзандап, дизель отунуна 6,7 пайызга жогорулаган. 2012-жылдын үчүнчү кварталында КММга баа 1,7 пайызга кымбаттаган, анын ичинде бензин 1,9 пайызга кымбаттап, ал эми дизель отунуна баа 0,5 пайызга арзандаган.

Кароого алынган мезгил ичинде акы төлөнүүчү кызматтарга баа индекси жылдык өлчөөдө 9,7 пайызга кымбаттаган (2011-жылдын ушул эле мезгилинде 12,4 пайызга). Ушул топтун индексинин көтөрүлүшү, негизинен тойканалар жана мейманканалар кызмат көрсөтүүлөрүнүн (+13,1 пайызга), билим берүү (+11,8 пайызга) жана транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн (+7,3 пайызга) эсебинен келип чыккан. Саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрү да 12,0 пайызга кымбаттаган.

## Реалдуу сектор

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2012-жылдын январь-сентябрь айларында ИДӨнүн учурда орун алып турган баадагы көлөмү 203,8 млрд. сомду түзүү менен 2011-жылдагы ушул көрсөтүчкө салыштырганда 4,6 пайызга төмөндөгөн. 2011-жылдын январь-сентябрь айларында ИДӨнүн көлөмү 8,3 пайызга өскөн эле. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨнүн көлөмү 3,8 пайыздык өсүшкө ээ болгон (2011-жылдын январь-сентябрь айларында ушул көрсөткүчтүн өсүш арымы 6,0 пайыз чегинде катталган). ИДӨ дефлятору 2011-жылдын январь-сентябрь айларындагы 19,3 пайызга салыштырганда 10,4 пайыз деңгээлинде калыптанган.

2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде ИДӨнүн төмөндөшүнө негизги салымды «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүш көлөмүнүн төмөндөшүнүн эсебинен өнөр жай ишканалары кошкон (-7,7 п.п.).

**3-таблица. Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө салымы**
*(пайыздар)*

| | Салыштырма салмагы январь-сентябрь | | Өсүш арымы январь-сентябрь | | Өсүшкө салым январь-сентябрь | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2011 | 2012 | 2011 | 2012 | 2011 | 2012 |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 19,4 | 20,3 | 2,7 | 2,0 | 0,5 | 0,4 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 0,8 | 1,2 | 21,2 | 23,1 | 0,1 | 0,2 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 17,4 | 10,2 | 26,1 | -44,3 | 4,2 | -7,7 |
| Электроэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 3,1 | 3,0 | 22,9 | 9,0 | 0,8 | 0,3 |
| Курулуш | 4,6 | 5,1 | -5,0 | 12,0 | -0,3 | 0,6 |
| Соода; унаа оңдоо | 15,1 | 15,8 | 5,0 | 8,5 | 0,8 | 1,3 |
| Транспорт жана байланыш | 8,2 | 8,8 | 10,8 | 9,1 | 1,0 | 0,7 |
| Башкалар | 20,0 | 21,8 | 1,8 | 1,0 | 0,4 | 0,2 |
| Азык-түлүккө таза салык | 11,4 | 13,7 | 8,3 | -4,6 | 0,9 | -0,5 |
| **ИДӨ** | **100,0** | **100,0** | **8,3** | **-4,6** | **8,3** | **-4,6** |
| **Кумтөрдү эске албаганда ИДӨ** | **87,5** | **94,9** | **6,0** | **3,8** | **5,4** | **3,3** |

*Булагы: УСК, КРУБ эсептөөлөрү*

2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 81,5 млрд. сом суммасында өнөр жай продукциялары өндүрүлгөн, алардын физикалык көлөмү 33,9 пайызга төмөндөгөн. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү 7,0 пайызды түздү.

Кайра иштетүү тармагында өндүрүш көлөмү металлургия өндүрүшүнүн жана даяр металл буюмдарынын (-67,9 пайызга), текстиль жана тигүү өндүрүшүнүн (-21,3 пайызга) кыскарышы алкагында 2011-жылдын тиешелүү мезгилине караганда 44,3 пайызга төмөндөгөн.

Ушуну менен бирге эле, тоо кендерин казып алуу өндүрүшүнүн (+23,1 пайызга), электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү өндүрүшүнүн (+9,0 пайызга) продукцияларынын физикалык көлөмүнүн өсүшү байкалган.

Алдын-ала маалыматтар боюнча 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде соода жүгүртүү 9,3 пайызга көбөйгөндүгү байкалган (2011-жылдын ушул эле мезгилинде ал 5,4 пайызга көбөйгөндүгү байкалган), анын ичинде дүң соода жүргүзүү 9,1 пайызга жана чекене соода (автоунаалардын жана мотор майларынан тышкары) 6,6 пайызга көбөйүүсү камтылган.

Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү, алдын ала маалыматтар боюнча, 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 2011-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 9,1 пайызга көбөйүп, 35,4 млрд. сомду түзгөн. Инвестициялардын тармактык түзүмүндөгү салымдардын негизги үлүшүндөгү тоо кендерин казып алуу өнөр жайы – 27,8 пайыздык, транспорт жана байланыш («Талас-Тараз-Суусамыр», «Ош-Иркештам», «Ош-Исфана», «Бишкек-Нарын-Торугарт», «Түштүк транспорт өтмөгү» жолдорун реконструкциялоо долбооруна, «Регионалдык жол өтмөктөрүн жакшыртуу» долбоору боюнча жолдорду оңдоп-түзөөгө инвестициялар) – 14,1 пайздык, кайра иштетүү өнөр жайы – 12,8 пайыздык көбөйтүү ээлейт.

### Тышкы экономикалык сектор[4]

Алдын ала болжолдуу маалыматтар боюнча 2012-жылдын январь-сентябрь айларында күндөлүк трансферттер эсеби боюнча профициттин көбөйүүсүнө жана «кирешелер» статьясы боюнча терс сальдонун төмөндөшүнө карабастан, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгынын олуттуу өсүшү күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосунун ИДӨгө карата 22,8 пайызга чейин көбөйүүсүнө алып келиши мүмкүн.

Үстүбүздөгү жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын соода баласынын тартыштыгы 90,4 пайызга өсөт жана 2 134,2 млн. АКШ долларын түзөт.

2012-жылдын январь-сентябрь айларында товарлардын экспорту (ФОБ баасында) 2011-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 17,3 пайызга азаят дагы 1 322,0 млн. АКШ долларын түзөт, товарлардын импорту (ФОБ баасында) 27,1 пайызга көтөрүлөт жана 3 456,2 млн. АКШ долларын түзөт.

Күндөлүк трансферттер боюнча таза агым 1 449,2 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түптөлөт, ал 2011-жылдын январь-сентябрь айларындагы көрсөткүчкө караганда 7,6 пайызга көп. Январь-сентябрь айлары ичинде ушул статья боюнча негизги өсүштү мурдагыдай эле, жеке трансферттер камсыз кылат. Алар боюнча таза агым 11,5 пайызга көбөйөт дагы 1 448,2 млн АКШ долларын түзөт. Ушуну менен катар эле, расмий трансферттердин таза түшүүсүнүн көлөмү 1,0 млн. АКШ долларына чейин кыскарат (2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 48,1 млн. АКШ доллары).

2012-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби 618,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо калыптанат. Бул өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 2,6 эсеге ашат.

Ошентип, 2012-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин сальдосу 122,3 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң калыптанат. Дүң эл аралык камдардын көлөмү товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн болочоктогу 3,7 айлык импортун жабат.

Алдын ала маалыматтар боюнча сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун индекси 2012-жылдын башталышынан бери 2,9 пайызга төмөндөп, сентябрь айынын акырына карата 112,8 түзгөн. Мындай төмөндөө 2012-жылдын сентябрь айында сомдун 2011-жылдын декабрь айындагы орточо курсунун түрк лирине карата 4,3 пайызга, кытай юанине карата 1,0

[4] Айкын жана болжолдуу маалыматтарга ылайык.

пайызга, орус рублине карата 0,9 пайызга, АКШ долларына карата 0,6 пайызга нарксызданышы5 менен шартталган. Мында евронго карата сомдун катышы 2,0 пайызга, ал эми кахак теңгеси 0,7 пайызга чыңдалган

Өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдөгү инфляциянын[6] төмөн деңгээлине карабастан, сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун индексинин нарксызданышы реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун азайышына алып келген, ал 2011-жылдын декабрь айынан тартып 2,2 пайызга азайып, 2012-жылдын сентябрь айынын акырына карата 110,1 түзгөн.

**Мамлекеттик финансы сектору**

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдан ала маалыматтары боюнча 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 11,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 5,7 пайызды түзгөн (2011-жылдын январь-сентябрь ичинде бюджет ИДӨгө карата 2,5 пайыз өлчөмүндө тартыштыгы менен аткарылган эле). Мында келип түшкөн расмий трансферттерди эске албаганда мамлекеттин бюджеттик тартыштыгы 15,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 7,4 пайызды түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мамлекеттик бюджетти жалпы каржылоо 16,5 млрд. сом чегинде катталган, анын ичинен ичтен каржылоо 6,2 млрд. сом, сырттан каржылоо – 10,3 млрд. сом.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун алдын ала маалыматтары боюнча Социалдык фонддун бюджетинин 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичиндеги тартыштыгы 0,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,1 пайызды, кирешелери 21,9 млрд. сомду же 10,7 пайызды, ал эми чыгашалары 22,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 10,8 пайызды түзгөн.

Консолидацияланган бюджеттин (мамлекеттик бюджет + Социалдык фонддун бюджети) тартыштыгы кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча 11,8 млрд. сомду же ИДӨгө карата 5,8 пайызды түзгөн. Кирешелер 74,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 36,4 пайызды, ал эми чыгашалары 86,0 млрд. сомду же ИДӨгө карата 42,2 пайызды түзгөн.

2012-жылдын январь-сентябрь айларында мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердиктен түшкөн кирешелери 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 13,9 пайызга көбөйүү менен 62,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 30,7 пайыз катталган (2011-жылдын январь-сентябрь айларында көбөйүү 35,6 пайызды түзгөн).

Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердикке чыгашалары 2012-жылдын январь-сентябрь айларында 69,6 млрд. сомду түзүп, 28,3 пайызга[7] же 15,4 млрд. сомго көбөйгөн.

Бюджеттик чыгашаларды функционалдык негизде классификациялоого ылайык, отчеттук мезгил ичинде экономикалык маселелерге (2,2 п.п.), билим берүүгө (1,6 п.п.), саламаттыкты сактоо (1,1 пайыздык пунктка), социалдык коргоого (1,0 пайыздык пунктка), турак-жай-коммуналдык кызматтарга (0,1 п.п.), эс алуу, маданий жана диний иш-чараларга (0,1 п.п.) чыгашалардын ИДӨгө карата көбөйгөндүгү байкалган. Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга, коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоого жана курчап турган чөйрөнү коргоого чыгашалардын ИДӨгө карата катышы өзгөрүлгөн жок.

Экономикалык классификациялоого ылайык мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынын өсүшүнө эң чоң салымды, «башка чыгашалар» кошушту, анын көбөйүүсү мамлекттик инвестициялар программасынын алкагындагы кредиттердин жана займдардын 2011-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 3,2 эсеге болгон өсүшү менен байланыштуу. Ошондой эле, алгылыктуу өсүшү эмгекке төлөөлөргө жана товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөлөр чыгашалар менен шартталган.

Отчеттук мезгил ичинде финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларга бюджеттик каражаттардын таза агылып чыгуусу (негизги фондулар, запастар,

---

[5] Сомдун номиналдык эки тараптуу алмашуу курсу боюнча маалыматтар келтирилген, мында индексти эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2000-жыл алынган.

[6] Кыргыз Республикасында 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде инфляция 3,1 пайызды түзгөөн, ал эми соода боюнча негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли алдын ала эсептөөлөр боюнча 1,9 пайызды түзгөн.

[7] Реалдуу алганда (КБИге корректировкаланган негизде) 26,6 пайызга көбөйгөн.

жер топтору боюнча операцияларды кошо алганда) 4,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 2,2 пайызды түзгөн (2011-жылдын январь-сентябрь айларында – 5,5 млрд. сом же ИДӨгө карата 2,9 пайыз).

2012-жылдын сентябрь айынын акырына карата абал боюнча мамлекеттик карыз 152,2 млрд. сомду түзгөн (3,2 млрд. АКШ доллары8), мунун ичинен ички карыз – 12,7 млрд. сом, тышкы карыз – 139,6 млрд. сом. 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде мамлекеттик карыз 2011-жылдын акырына карата алынган көрсөткүчкө салыштырганда 6,4 пайызга же 9,1 млрд. сомго көбөйгөн. 2012-жылдын январь-сентябрь айларында мамлекеттик карызды тейлөө боюнча пайыздык төлөмдөр 2,3 млрд. сомду (ал эми 2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде – 2,3 млрд. сом) чегинде катталган, алардын ичинен ички жана тышкы карыз боюнча төлөмдөрдүн салыштырма салмагы тиешелүүлүгүнө жараша жалпы пайыздык төлөөлөрдүн 43,4 жана 56,6 пайызды түзгөн. 2011-жылдын январь-сентябрь айларындагы көрсөткүчкө салыштырганда тышкы карыз боюнча пайыздык төлөөлөр 20,8 пайызга же 344,0 млн. сомго төмөндөгөн болсо, ички карыз боюнча 61,5 пайызга же 382,2 млн. сомго көбөйгөн.

## Финансы сектору

### *Банк тутуму*

2012-жылдын отчеттук мезгилинин акырына карата абал боюнча[9] Кыргыз Республикасынын аймагында Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда, 22 коммерциялык банк жана алардын 269 филиалы иштеп турган (2011-жылдын ушул эле мезгилинде да 22 коммерциялык банк жана 250 филиал өз ишин жүзөгө ашырган эле).

2012-жылдын сентябрь айынын акырына банк тутуму бүтүндөй алганда, 1 823,0 млн. сом өлчөмүндө таза пайда алууга жетишкен (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде – 1 417,6 млн. сом). Банк тутумунун суммардык активдери жыл башынан тартып 13,8 млрд. сомго же 20,6 пайызга көбөйүп, сентябрь айынын акырында 80,5 млрд. сом чегинде катталган.

2012-жылдын январь-сентябрь айларында банктык депозит рыногунда коммерциялык банктардын депозиттик базасынын динамикасы жогорулагандыгы байкалган. Улуттук жана чет өлкө валютасында кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чен көрсөткүчтөрү олуттуу өзгөрүүгө дуушар болбой, негизинен өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги мааниде сакталып калган. Түзүмү жагынан депозиттик базанын өзгөрүү тенденциясы, ишканалардын эсептешүү эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарынын көбөйүүсү, ошондой эле талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин жана калктын мөөнөтүү аманаттарынын өсүшүнөн улам келип чыккан.

Кароого алынган мезгилдин акырына коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан 31,4 пайызга көбөйүү менен 50,8 млрд. сомду түзгөн. Мында көбөйүү, депозиттик базанын валюталык түзүүчүсүнүн 34,2 пайызга өсүшү сыяктуу эле, сом түрүндө аманаттардын 28,7 пайызга өсүшүнүн эсебинен камсыз кылынган.

Кароого алынган мезгил ичинде коммерциялык банктарга депозиттердин агымынын көбөйүүсү белгиленген. 2012-жылдын тогуз айы боюнча жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[10] 170,1 млрд. сомду түзүп, 2011-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 21,5 пайызга көбөйгөн. Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен жылдык мааниде алганда 0,2 пайыздык пунктка жогорулоо менен 2,3 пайыз чегинде калыптанган. Ал эми чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттердин чени 0,8 пайызга чейин 0,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

---

[8] Көрсөткүчтөр Улуттук банк тарабынан эсептелинген (2012-жылдын 30-сентябрына карата 1 АКШ доллары = 47,15 сомго барабар)

9 Маалыматтар коммерциялык банктардын регулятивдик отчетторуна ылайык келтирилген.

[10] Жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмүн эсептөөдө банктардын кардарларынын эсептешүү эсептери эске алынбайт.

2012-жылдын январь-сентябрь айларында банктык кредиттөө рыногунда жагдай 2011-жылда башталган жогорулоо тенденциясында сакталып туруусу менен мүнөздөлгөн. Банк тутумунун кредиттик портфелинин сапатынын жакшыртуусу байкалган, мөөнөтүнөн өтүп кеткен жана узартылган карыздардын көрсөткүчтөрү төмөндөдү. Кредиттердин наркы салыштырмалуу жогору деңгээлде сакталып турду: чет өлкө валютасындагы жаңыдан кабыл алынган депозиттердин орточо чени 2011-жылдын деңгээлинде белгиленген, ал эми чет өлкө валютасындагы кредиттердин чени төмөндөгөн. Портфелдин түзүлүшүнө негизги салымды соода тармагын кредиттөөнүн көлөмү кошкон. Банктардын кредиттик портфелинин түзүмүндөгү айыл-чарбасына кредиттердин үлүшү көбөйгөн, анын ичинде агрардык тармакты каржылоо боюнча Өкмөттүн аракеттеринин эсебинен болгон. Сентябрь айынын акырына карата абал боюнча кредиттердин үлүшү «Фермерлерге жеткиликтүү кредиттер-2» долбоору боюнча айыл-чарбасын берилген жалпы банк тутумунун көлөмүндө 20,2 пайызга көбөйгөн (биринчи жарым жылдыкта 28,2 пайызды түзгөн).

Иштеп турган коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башынан тартып 15,7 пайызга көбөйүү менен 2012-жылдын сентябрь айынын акырында 36,1 млрд. сом чегинде калыптанган. Мында, кредит портфелинин сом түрүндөгү бөлүгү 13,3 пайызга көбөйүп, 15,8 млрд. сом өлчөмүндө калыптанган. Сентябрь айынын акырына карата чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү 20,3 млрд. сом эквивалентин түзүп, жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчтөн 17,8 пайызга ашкан.

2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде банктардын улуттук валютадагы кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чени 0,6 пайыздык пунктка, 21,8 пайызга чейин төмөндөгөн болсо, чет өлкө валютасындагы чен 0,3 пайыздык пунктка азайып 17,5 пайыз деңгээлинде сакталып калган.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата банктардын кредит портфели тармактар боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн. Кредиттөөнүн негизги тармагы болуп соода тармагы ээлеген. Кредиттик портфелдин олутту бөлүгүн ээлеген соодага кредиттердин үлүшү 2,1 пайыздык пунктка 40,7 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошондой эле, башка кредиттерге кредиттердин салыштырма салмагы 12,9 пайыздан 11,8 пайызга чейин, ипотекага – 9,6 пайыздан 9,4 пайызга, курулушка - 5,6 пайыздан 5,4 пайызга жана байланыш тармагына – 0,2 пайыздан 0,1 пайызга чейин төмөндөгөн. Ал эми айыл-чарбасынын – 1,2 пайыздык пунктка, 13,9 пайызга, керектөө кредиттердин – 0,9 пайыздык пунктка 9,7 пайызга чейин, өнөр жайдын – 0,2 пайыздык пунктка 5,5 пайызга чейин үлүшү көтөрүлгөн. Транспорт, байланыш, даярдоо жана кайра иштетүүгө бөлүнгөн кредиттер мурдагыдай эле, бир аз үлүштү түзүү менен суммардык тартипте 0,6 пайыз чегинде катталган.

2012-жылдын тогуз ай ичинде жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 26,9 млрд. сомду төзгүн, бул 2011-жылдын ушул мезгилинде берилген суммалардан 15,5 пайызга жогору. Улуттук валютадагы кредиттер 7,4 пайызга, ал эми чет өлкө валютасындагылар 23,6 пайызга көбөйгөн.

Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 0,6 пайыздык пунктка төмөндөп, 22,8 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы чен 0,5 пайыздык пунктка 19,1 пайызга чейин төмөндөгөн.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредит мекемелери***

2012-жылдын сентябрь айынын акырына карата Кыргыз Республикасынын аймагында банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин (БФКМдердин) саны 833 түзгөн, алардын ичинен ААК «Кредиттик союздардын финансы компаниясы» (КСФК) – 1, кредиттик союздар (КС) – 184, микрокредиттик компаниялар – 271, микрокредиттик агенттиктер (МКА) – 82, микрофинансылык компаниялар (МФК) – 5, алмашуу бюролору – 290 түзгөн (2011-жылдын ушул эле мезгили ичинде БФКМдердин саны 898 эле).

БФКМдердин кредит портфели жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде 15,1 пайызга көбөйүп, 18,1 млрд. сомду түзгөн.

**4-таблица. БФКМдердин кредит портфели[1] (млн. сом)**

| БФКМ аталышы | 31.12.2011 | 31.09.2012 |
|---|---|---|
| ФККС | 434,8 | 437,9 |
| МФО (МФК, МКК/МКА)² | 14 498,6 | 16 799,9 |
| Кредиттик союздар | 1 231,7 | 1 299,7 |
| **Бардыгы болуп** | **15 730,4** | **18 099,6** |

[1] Маалыматтар ФККС эске алуусуз келтирилген (анткени ФККС кредиттери кредиттик союздарга берилген).
[2] МКК/МКА отчетторду жарым жылдык негизде сунушташат.

2012-жылдын сентябрь айынын акырына карата ФККС кредиттери боюнча орточо алынган пайыздык чен 15,90 пайызды (2011-жылдын 31-декабрына карата 15,79 пайыз), кредиттик союздардыкы – 28,4 пайызды (2011-жылдын декабрь айына карата 28,4 пайыз) жана МФКлардын кредиттери боюнча – 34,71 пайызды (2011-жылдын декабрь айына карата – 37,41 пайыз) түзгөн.

Отчеттук мезгилдин акырына карата кредиттик союздардын депозиттик базасынын жалпы көлөмү жыл башынан тарта 23,7 пайызга көбөйүү менен 43,9 млн. сомду түзгөн (2011-жылдын декабрь айына карата 35,5 млн. сом).

МФКлардын жылдын сентябрь айынын акырына карата депозиттик базасынын жалпы көлөмү, жыл башынан бери 754,7 пайызга көбөйүү менен 43,59 млн. сомду түзгөн (2011-жылдын декабрь айына карата 5,1 млн. сом).